**«Асан Тилекеев атындагы Орто-Арык жалпы билим берүү орто мектеби» мекемесинин Уставы**

## I. Жалпы жоболор

1.1. "Асан Тилекеев атындагы Орто-Арык жалпы билим берүү орто мектеби" мекемеси (мындан ары – жалпы билим берүү мекемеси) башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы билим берүү программаларын иш жүзүнө ашыруучу жалпы билим берүү мекемеси болуп эсептелет.
1.2. Жалпы билим берүү мекемесинин уюштуруучулары төмөнкүлөр:
а) "Курама айылдык округунун айыл өкмөтү Панфилов району Чүй облусу" мекемеси
б) "Панфилов райондук билим берүү бөлүмү" мекемеси
1.3. Жалпы билим берүү мекемесинин уюштуруучулук-укуктук формасы- мекеме
1.4. Жалпы билим берүү мекемеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик актылары, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын жана тескемелерин жана ошондой эле ушул Устав жетекчиликтеринде өзүнүн ишин жүргүзөт.
1.5. Жалпы билим берүү мекемеси чектелбеген мөөнөткө түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн тартипте мамлекеттик каттоодон өтөт
1.6. Жалпы билим берүү мекемесинин толук фирмалык аталышы:
- мамлекеттик тилде: «Асан Тилекеев атындагы Орто-Арык жалпы билим берүү орто мектеби» Мекемеси
- расмий тилде: Учреждение «Орто-Арыкская средняя общеобразовательная школа имени Асана Тилекеева».

Жалпы билим берүү мекемесинин кыскартылган фирмалык аталышы:
- мамлекеттик тилде: «А. Тилекеев ат. Орто-Арык ЖББОМ» М-си
- расмий тилде: У-е «Орто-Арыкская СОШ им. А. Тилекеева»

1.7. Жалпы билим берүү мекемесинин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Панфилов району, Орто-Арык а., С. Кожобергенов к., №1.

## II. Укуктук статусу

2.1. Жалпы билим берүү мекемеси финансы-чарбалык жана укуктук өз алдынчалуулукка ээ болгон, өзгөчөлөнгөн мүлкү, өз алдынча балансқа,өзүнүн фирмалык кыргыз менен орус тилинде аталышы менен мөөрү, штамптары жана бланктары, кредиттик бөлүмдөрдө жана казына бөлүмдөрүндө алыш-бериш эсеби жана өздүк эсеби бар юридикалык жак болуп эсептелет.
2.2. Мүлк жалпы билим берүү мекемесине оперативдүү башкаруу укугуна берилет, жалпы билим берүү уюмуна Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ага ээлик кылат, колдонот жана тескейт.
Жалпы билим берүү мекемесинин мүлкүнүн курамына: негизги каражаттар, ээлеген жайлар, жабдуулар, инвентарь, жер тилкелери жана башка мүлктөр кириши мүмкүн.
2.3. Жалпы билим берүү мекемеси жеке жана юридикалык жактардан белек, демөөрчүлүк жана мурас катары берилген акчалай каражаттарга, мүлккө жана башка менчик объекттерге, ошондой эле жалпы билим берүү мекемесине жеке ишмердигинен түшкөн кирешелерге менчик укугуна ээ.
2.4.Жалпы билим берүү мекеме тиешелүү органдын уруксаты менен мыйзамга ылайык бекитилген мүлкүн ижарага бере алат. Мүлктү ижарага берүүдөн алынган киреше уставдык максаттар үчүн колдонулат.